**Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 10.24.700 диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөсү, филология илимдеринин доктору, доцент Ормонбекова Ардакбүбү Ормонбековнанын изденүүчү Жолдошалиева Наргиза Автандиловнанын «Кыргыз тилинде ал-абал этиштеринин семантикалык типтери жана тизмектешүү мүмкүнчүлүгү» аттуу 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине**

## КОРУТУНДУСУ

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.** Жолдошалиева Наргиза Автандиловнанын «Кыргыз тилинде ал-абал этиштеринин семантикалык типтери жана тизмектешүү мүмкүнчүлүгү» аттуу кандидаттык иши Д 10.24.700 диссертациялык кеңешинин багытына, ал эми изилдөө ишинин мазмуну жана концептуалдык негизи 10.02.01 – кыргыз тили адистигине шайкеш келет.

**2. Изилдөөнүн максаты.**

Бул изилдөөнүн негизги максаты – абал этиштеринин семантикалык классификацияларын сунуштоо менен, аларды туюндурган вербалдык жана бейвербалдык каражаттарга талдоо жүргүзүү, абал этиштеринин семантикалык мутацияларын конкреттүү тилдик иллюстрациялар аркылуу көрсөтүү жана абал этиштеринин валенттүүлүгүнө байланыштуу айрым маселелерди иликтөө болуп эсептелинет.

Коюлган максат диссертацияда төмөнкү милдеттерди аткаруу менен чечилген:

1) Буга чейин жарык көргөн илимий-теориялык адабияттардын негизинде этиштик лексикага арналган илимий адабияттарга сереп салуу;

2) Этиштердин жана абал этиштеринин жалпы тил илиминде, түркологияда жана кыргыз тил илиминдеги классификацияларын изилдөө жана алардагы жалпылыктар менен айырмачылыктарды аныктоо;

3) Абал категориясын туюндурган бейвербалдык жана вербалдык грамматикалык каражаттарга, семантика-функционалдык өңүттө талдоо жүргүзүү;

КЫРНАЦУНИВЕРСИТЕТ
входящий № 10-24-43
«14» 05 2025г

4) Абал этиштеринин метафоризациясы, аларды туюндурууга катышкан жардамчы этиштердин көп функционалдуулугу, десемантизациясы, грамматикализациясы, синсемантизми өңдүү маселелерди конкреттүү түрдө фактылардын негизинде анализдөө;

5) Этиштердин семантикалык компонент катары аткарган предикаттык кызматын абал этиштеринин валенттүүлүгүнө байланыштуу маселелердин контекстинде изилдөө;

6) Вербалдык маанини туюндурган вербалдык каражаттардын каралышына байланыштуу «туюм тууранды сөздөр», этиштердин метафоризациясына байланыштуу «антилогикалык валенттүүлүк», «бейвербалдык валенттүүлүк» өңдүү айрым жаңы түшүнүктөрдү сунуштоо менен шартталган.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу**

1) Ал-абал этиштеринин семантикалык типтери кыргыз тил илиминде атайын изилдөөнүн объектиси болбогондугу;

2) Абал этиштеринин лексика-семантикалык топторунун кыргыз тилинин сөздүк курамында алган орду, айрым абал этиштеринин синонимдик да, антонимдик да катышта келиши;

3) Жалпы эле этиш сөздөрдүн лексикалык системадан алган ордун аныктоо;

4) Абал категориясынын грамматикалык каражаттар, фразеологизмдер, айрым паремиялык бирдиктер, бейвербалдык каражаттар аркылуу туюндурулуусу, алардын метофоризациясы;

5) Абал этиштеринин бир лексика-семантикалык топтон экинчи бир лексика-семантикалык топко өтүп кетүүсү;

6) Негизги этиштерге уланып абал маанисин туюндурууга катышкан жардамчы этиштердин кеп функционалдуулугунун десемантизациясы, грамматикализациясы, синсемантизми өңдүү маселелер конкреттүү тилдик иллюстрациялардын мисалында иликтөөгө алынышы;

7) Этиштердин сүйлөмдүн семантикалык структурасында семантикалык компонент катары аткарган предикаттык этиштердин валенттүүлүгүнө байланыштуу маселелердин контекстинде каралышы;

Кыргыз тилинин этиштик лексикасын изилдөөдө жогоруда саналып өткөн айрым маселелердин азыркы учурга чейин изилдене электиги менен шартталган.

**3. Диссертацияда коюлган милдеттердин ар бирин чечүү зарылдыгын негиздөөдө илимий адабияттардагы маалыматтарды сындап талдоо жүргүзүүнүн даражасы жана толуктугу**

**1-натыйжа**. Изилдөөгө байланыштуу илимий адабияттарга сындап талдоо жүргүзүү, иликтөө багыттарын белгилөө, дүйнөлүк лингвистикада, анын ичинде орус тил илиминде, түркологияда, кыргыз тил илиминде илимий адабияттарга сындап талдоо жүргүзүү илимий жактан негизделген.

**2-натыйжа.** Изилдөөдө кыргыз тилиндеги абал этиштеринин семантикалык классификациясы берилип, алардын семантикалык, морфологиялык изилдөөгө алынып, абал этиштеринин лексика-семантикалык топторунун кыргыз тилинин сөздүк курамында алган орду, айрым абал этиштеринин синонимдик да, антонимдик да катышта келиши, жалпы эле этиш сөздөрдүн лексикалык системадан алган ордун аныктоо сыяктуу бир катар маселелердин изилдөөгө алынышын негиздүү жана ишенимдүү деп эсептөөгө болот.

**3-натыйжа.** Диссертациялык иште этиштерди изилдөөнүн семантикалык өңүтүнө басым жасалып, жалпы этиштердин анын ичинде абал этиштеринин семантикалык классификацияларынан тышкары, абал категориясынын грамматикалык каражаттар, фразеологизмдер, айрым паремиялык бирдиктер, бейвербалдык каражаттар аркылуу туюндурулуусу, алардын метафоризациясы, бир лексика-семантикалык топтон экинчи бир лексика-семантикалык топко өтүп кетүүсү, негизги этиштерге уланып абал маанисин туюндурууга катышкан жардамчы этиштердин көп функционалдуулугу өңдүү маселелердин конкреттүү тилдик иллюстрациялардын мисалында иликтөөгө алынган натыйжалар канааттандырарлык.

**4-натыйжа.** Этиштердин сүйлөмдүн семантикалык структурасында семантикалык компонент катары аткарган предикаттык кызматы этиштердин валенттүүлүгүнө байланыштуу маселелердин контекстинде каралышы.

Жогоруда айтылгандардын негизинде изденүүчү тарабынан жүргүзүлгөн илимий изилдөө актуалдуу деп корутундоого болот.

**4. Диссертацияда чыгарылган ар бир илимий жыйынтыктын (жобонун) жана изденүүчүнүн корутундусунун жаңылыгынын деңгээли.**

**1-жыйынтык жаңы**, изилдөөдө этиштердин лексика-семантикалык топторго бөлүштүрүүнүн бирдей эместиги, этиштерди семантикалык жактан классификациялоонун татаалдыгы, алардын маанилик табиятынын көп кырдуулугу ар бир семантикалык класстын ичиндеги этиштердин ортосундагы маанилик байланыштардын көп жактуулугу, сүйлөм тутумунда алардын ар кандай семантикалык мутацияларга, трансформацияларга кабылышы өңдүү фактылар аркылуу түшүндүрүлө тургандыгы кыргыз тилинин факты-материалдары аркылуу сыпатталып териштирилген.

**2-жыйынтык жаңы,** этиш сөздөрдү маанилик жактан классификациялоонун татаалдыгы алардын көп аспектүүлүгү семантикалык,

функционалдык-синтаксистик, формалдуу-грамматикалык, деривациялык, психолингвистикалык ж.б. аспекттер аркылуу түшүндүрүлө тургандыгы, ал эми бир эле этиш сөз же анын сөз формалары эки башка лексика-семантикалык топко кирип калуу мүмкүнчүлүгүнө ээ экендиги алардын көп маанилүүлүгүнө (полисемия), кең маанилүүлүгүнө (эврисемия), семантикалык структурасындагы мутациялык өзгөрүүлөргө, эки лексико-семантикалык топтордун ортосундагы өткөөл катмарлардын түзүлүшүнө байланыштуу түшүндүрүүгө боло тургандыгын конкреттүү факты-материалдар келтирилип, далилдөөгө алынган.

**3-жыйынтык жаңы,** абал категориясы вербалдык каражаттардан тышкары бейвербалдык каражаттар аркылуу туюндурулуусу мүмкүн экендиги; бейвербалдык каражаттарды изилдөөгө арналган айрым эмгектерде бейвербалдык каражаттар баарлашуу процессинин белгилүү бир кептик кырдаалдарынын тизмектешип келе тургандыгы, ошондон улам алар да бейвербалдык «сүйлөмдөрдү» түзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ экендиги кыргыз тилинин факты материалдары аркылуу сыпатталып териштирилген.

**4-натыйжа жаңы**, сөздөрдүн актуалдашкан мааниси кеп агымында, өзгөчө сүйлөм тутумунда аныктала тургандай эле жесттердин да маанилери өз ара тутумдашкан «сүйлөмдөр» же «чынжырлар» деп аталган. Эки же андан ашык татаал кыймыл-жаңсоолордун тутумунун туура аныкталышы мүмкүн экендиги, ушул негизден алып караганда валенттүүлүк тилдик каражаттардын ортосунда эле эмес, бейвербалдык каражаттардын ортосунда да болуусу мүмкүн экендиги тыкан иликтөөгө алынып, диссертанттын өзүнүн жеке илимий ойлору теориялык жактан негизделип берилген.

**5. Практикага киргизүү үчүн төмөнкүлөр сунуш кылынат:**

Изилдөө ишинин башкы объектиси катары эсептелген кыргыз тилиндеги абал этиштеринин сыпатталып териштирилиши кыргыз тилиндеги өзөктүү маселелердин бири экендиги анык. Андыктан иштеги негизги теориялык жоболор кыргыз тил илиминдеги актуалдуу жаңы изилдөөлөргө өбөлгө түзсө, эми анын практикалык мааниси ЖОЖдордо лекциялык курстарды, магистрдик, кандидаттык жана доктордук диссертацияларды жазууга илимий-теориялык материал катары кызмат кыла алат.

**6. Диссертациянын негизги жоболору, натыйжалары жана корутундуларынын жарыяланышы, тастыкталышы**


1. Жолдошалиева, Н.А. Тил илиминде валенттүүлүк түшүнүгү [Тест] / Н.А. Жолдошалиева // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – 2012. – 33-37-б.б.

2. Жолдошалиева, Н.А. Эмоционалдык ал-абалды туюндурган этиш сөздөр [Тест] / Н.А. Жолдошалиева // И. Арабаев атындагы КМУнун

Жарчысы. – 2013. – 286-289-б.б.

3. Жолдошалиева, Н.А. Ал-абал этиштеринин статистикалык структурасы [Тест] / Н.А. Жолдошалиева // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – 2014. – 379-382-б.б.

4. Жолдошалиева, Н.А. Кыргыз тилинде этиштин изилдениши [Тест] / Н.А. Жолдошалиева // Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2015. – №10. – С. 154-156. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=28766937

5. Жолдошалиева, Н.А. Ал-абал категориясы жана анын берилиши [Тест] / Н.А. Жолдошалиева // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – 2017. – № 2. – 136-141-б.б. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=42819795

6. Жолдошалиева, Н.А. Физиологиялык абалды туюндурган этиш сөздөр [Тест] / Н.А. Жолдошалиева // Ала Тоо Academic Studies. – 2021. – №3. 162-170-б.б. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=46655902

7. Жолдошалиева, Н.А. Сапаттык ал-абалды туюндурган этиш сөздөр [Тест] / Н.А. Жолдошалиева // Вестник Кыргызско-Российского Славянского университета. – 2021. - Т. 21. – № 10. – 99-103-б.б. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=47155058

8. Жолдошалиева, Н.А. Кыргыз тилиндеги психологиялык абалды туюндурган этиш сөздөр [Тест] / Н.А. Жолдошалиева // Ала Тоо Academic Studies. – 2023. – № 4. 233-242-б.б. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=59632497

9. Жолдошалиева, Н.А. Семантика предикатов, выражающих состояние погоды в кыргызском языке [Тест] / Н.А. Жолдошалиева // Рефлексия. – 2023. – №3. – С.57-62. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=54114447

10. Жолдошалиева, Н.А. Этиштин валенттүүлүгү [Тест] / Н.А. Жолдошалиева // Вестник Кыргызско-Российского Славянского университета. – 2024. Т. 24. – № 2. – 94-88-б.б. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=65059462

11. Жолдошалиева, Н.А. Семантика тилдин негизги компоненти катары [Тест] / Н.А. Жолдошалиева // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – 2024. - №4. – 550-555-б.б. https://www.jarchy.arabaev.kg/admin-admin/fotogalere/1720074721_58dd2212ab45ff9615ec12aacb49e719.pdf

12. Жолдошалиева, Н.А. Семантическая природа глаголов состояния в кыргызском языке [Тест] / Н.А. Жолдошалиева // Научный потенциал. – 2024. 2-3 (45). – С. 127-130. Https://elibrary.ru/item.asp?id=68015377

**7. Авторефераттын диссертациянын мазумунуна дал келиши**

Авторефератта диссертациянын негизги мазмуну кыскача чагылдырылган. Автореферат диссертацияга шайкеш келет.

**8. Н. А. Жолдошалиеванын диссертациялык иши үчүн сунушталган жетектөөчү мекеме жана расмий оппоненттер**

**Жетектөөчү мекеме:** К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин кыргыз жана түрк тилдеринин теориясы кафедрасы. Дареги: 720044, Бишкек ш., Ч. Айтматов проспектиси, 27.

**Расмий оппоненттер:** Алишова Махабат Култаевна – филология илимдеринин доктору, доцент, Ала-Тоо Эл аралык университетинин магистратура бөлүмүнүн башчысы

**Эмгектери:**

1. «Манас» эпосундагы пассивдүү лексика, Вестник БГУ им. К. Карасаева,. – Б., 2019. - №3(49);
2. «Дүйнөнүн тилдик сүрөтү жана котормо» (монография). К. Карасае ват. БМУ. – Бишкек, 2019. – 330б. (19 б.т.);
3. Кыргыз эл жомоктору\Kyrgyz fairy-tales.\ Котор. М.К. Алишова. – Бишкек, 2011. – 112б.
4. Эпитет и стилистическая трансформация. (монография). – Бишкек, 2014. – 136с. АСЕК: Аңгеме-котормо. – Б.: ЧП «Абыкеев А.Э.». – 2019. – 52б – Бишкек, 2011.

**Семенова Жийдегүл Азимовна** – филология илимдеринин кандидаты, доцент, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Соттук эксперттик кызматынын Лингвистикалык жана дин таануу экспертизалар башкармалыгынын башчысынын орун басары

**Эмгектери:**

1. Глаголы движения в современном кыргызском языке // Молодежь и наука: Проблемы и перспективы. Б. – 1998.
2. Глаголы, выражающие интенсивность, качество движения, а также разноплановые глаголы движения // Вестник КГНУ. Сер. 1. Вып.3. – 2004.
3. Классификация семантической структуры науки. № 1-2. – 2004. 4. Глаголы движения выражающие направленность по вертикали // Кыргыз тили жана адабияты. Илимий практикалык басылма. №6. -2004.

**9. Корутунду.** Жолдошалиева Наргиза Автандиловнанын 10.02.01-кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Кыргыз тилинде ал-абал этиштеринин семантикалык типтери жана тизмектешүү мүмкүнчүлүгү» деген темадагы иши тиешелүү деңгээлде аткарылган, анын ичинде кыргыз тил илими үчүн маанилүү алынган тыянак-натыйжалары далилдүү, теориялык жана практикалык мааниге ээ болучу маселелерди камтыган илимий эмгек болуп саналат жана КР Президентине караштуу УАКнын кандидаттык диссертацияларга коюлуучу талаптарына жооп берет.

Диссертант жогоруда белгиленген сунуш-пикирлерди, жагдайларды ылайыгына жараша кайра карап чыгуу шарты менен, 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча коргоого кабыл алууга жана ачык коргоого коюуга сунушталат.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү,**
**филология илимдеринин доктору,**
**доцент** **А.О. Ормонбекова**
14.05.2025-ж.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсүнүн колун тастыктайм:**
**Окумуштуу катчы,**
**филология илимдеринин доктору, доцент** **С.К. Каратаева**

*Окумуштуу катчынын колун тастыктайм:*
*КБнын башчысы* *А. Жайнакова*